УДК 379.83(09)

Кадырбек кызы Айзада

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КӨЛ ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ТУРИЗМДИН ӨНҮГҮШҮ

*Макалада Ысык–Көл өрөөнүндөгү туризмдин өнүгүшү тууралуу кыскача маалымат берилген. Туризмдин өнүгүү тарыхына токтолуу менен, өрөөндөгү курорт, санаторийлердин ачылышы жана азыркы учурдагы абалы баяндалган.*

Кыргызстандын туризминин тарыхына көз чаптырсак, жарым кылымдан ашуун убакыт өттү. Туризм экономиканын артыкчылык берилген тармагына айланды деп айтсак болот. Кыргызстан - Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө, аны дүйнөдөгү 160тан ашык өлкө тааныды, 80ден ашык мамлекеттер менен дипломатиялык мамиле түзүлүп, 40ка жакын өлкөлөрдүн элчиликтери иштеп жатат. Кыргызстан дүйнөлүк туристтик уюмга мүчө, 60тан ашык өлкө менен туристтерди алмашуу боюнча келишим түзүлгөн.

Базар экономикасынын нугундагы жаңы катнаш, айрыкча, ар региондун өзүн–өзү каржылоо, актоо, тактап айтканда, социалдык–экономикалык жактан башка аймактарына күч келтирбей, материалдык жактан көз карандысыз өнүгүүгө жетишүүдө республиканын азыркы шартында туризм, биринчи кезекте, эл аралык маанидеги туризмди калыптандыруунун эл чарбалык, ошондой эле экологиялык жактан өтө олуттуу мааниси бар.

Кыргызстанда азыр 440тан ашуун тарыхый жана маданий эстеликтер бар. Республиканын түштүгүндө 216, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө - 137, Ысык–Көлдө - 34, Нарын аймагында 34 эстелик жайгашкан. Мисалга алсак, Ысык–Көл областында Караколдогу дунган мечити, Чолпон–Атадагы аска беттериндеги сүрөттөр, саймалуу таштар жана башка эстеликтер бар. Ошондой эле Улуу Жибек Жолунун Кыргызстандын аймагынан өткөн жерлери жана башка көрүнүктүү тарыхый эстеликтер туристтерди өзгөчө кызыктырат.

Азыр жаңыдан калыптануу жолундагы туризм индустриясынын ичинен эң келечектүүсү жана кирешелүүсү эл аралык туризм тармагы болуп саналат. Республиканын кооз жана түркүн жаратылышы, сапаттуу рекреация ресурстары (минералдуу булактар, дары баткактар, чокусу асман тиреген зоолор, табигый шаркыратмалар, үңкүрлөр, тарыхый эстеликтер жана башкалар) түрдүү өлкөлөрдүн туристтерин өзүнө тартат. Дүйнөдө туризм индустриясы жакшы өнүккөн өлкөлөрдө узак мезгилден берки топтолгон тажрыйба боюнча ири комплекстерди калыптандырууну эки баскычта жүргүзүү каралууда. Калыптандыруунун алгачкы баскычында кошумча каражатты аз талап кылган, кирешени мол алып келүүчү туризм тармактары (альпинизм, аңчылык, жөө же ат менен саякат жасоо, жаратылыш эстеликтерин кыдыруу жана башкалар) өнүгөт. Экинчи баскычында каражатты арбын талап кылуучу рекреация тармактары (атайын маршруттарды уюштуруу, тоолордо асма жолдорду салуу, ири мейманканаларды, санаторийлерди, пансионаттарды жана тиешелүү инфраструктура объектилерин куруу жана башкалар) калыптанат.

Бишкек шаары - республиканын туризм боюнча эң башкы борбору. Мында бир катар тарыхый, архитектуралык, маданий эстеликтер, «Достук», «Ысык–Көл», «Пишпек» мейманканалары, «Фрунзе» туристтик базасы, «Саякат» сыяктуу туристтерди, келген меймандарды тейлөөчү жайлар, Кыргыз Республикасынын туризм жана спорт министрлиги, «Спутник», «Интурист» акционердик коомдору, Кыргызстандын туризм жана саякат боюнча республикалык Совети, көптөгөн турсттик фирмалар жайгашкан. Кыргызстан менен Түрк Республикасы биргелешип курган төрт жылдыздуу «Ак–Кеме – Пинара» мейманканасы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата ишке берилген. Бул мейманканада эл аралык талапка толук жооп берет.

Туризм тармагында, маселен, борборубузда инвестиция жолу менен «Хаят» 5

жылдыздуу мейманканасы пайда болуп, «Ак–Кеме», «Достук» мейманканалары курулду. Кылымдардан бери Кыргызстанды дүйнө менен байланыштырган Жибек Жолундагы «Ош – Бишкек» жолу бир рече мамлекеттердин инвестициясы менен ишке ашып олтурат. Эркеч-Там – Сары-Таш – Ош жолу, «Манас» аэропорту тууралуу айтсак болот.

Эл аралык туристтик керектөөчүлүк көп сандаган экономикалык кызыкчылыктарды өстүрүүдө. Туристтик эмес тармактардын продукциялары үчүн кошумча жаңы рынокторду ачып, өндүрүштүн өсүшүүчүн шарттарды түзсөк, жаңы техникаларды пайдалануу, күчтүү кадрларды, жумушчуларды ишке тартуу жүзөгө ашырылат. Туристтик эмес тармактардын интеграциясына италиялык ири компанияларды мисал келтирүүгө болот. Маселен, текстиль өнөр жайында «Джоли», тамак ашта «Мотто» жанаПовези» ишканалары үзүрлүү эмгектенип жатышат.

Мына ушул тамак–аш, курулуш, жыгач иштеп чыгаруучу, машина куруучу, электротехника, автомобиль куруучу жана башка өнөр жай тармактары эл аралык туризм менен байланыштуу. Эл аралык туризмдеги тармактарды өстүрүүнүн айкын мисалын Франция мамлекетинен көрсө болот. Анда 10 министрлик туристтик индустрияны өстүрүүгө өздөрүнүн бюджеттеринен каражат бөлүшөт. Туризм Европада жаңы тармактын пайда болушуна алып келди. Тоо лыжасынын жабдууларын чыгарууга Австралия, Италия, Германия, Улуу Британия жигердүү киришти.

Кыргызстандын аймагынын 95%ы тоо. Ошонун эсебинен 2001–жыл «Кыргыз Республикасын туризмди колдоо жана өнүктүрүү жылы» деп аталган, ал эми 2002–жыл ЮНЕСКО тарабынан «Эл аралык тоолор жылы» деп белгиленген. Республикада туризмди өнүктүрүү актуалдуулугу жанданган. Биздин тоолор дүйнөдөгү көп тоолордон айырмаланып, жалпак келип, көп региондордо кар ноябрдан тартып апрель айларына чейин жатат. Кардын касиети да башка коңшу мамлекеттердин карынан өзгөчө айырмаланып турат.

Кыргызстандын тоолуу аймагынын шартында эл аралык туризмдин олуттуутармактарынын бирин келечектүү альпинисттердин конуштары ээлейт. Биздин республиканын аймагы спорттун бул түрүн өнүктүрүүгө дүйнөлүк маанидеги табигый шарты, асман тиреген бийик чокулары менен ыңгайлуу.Өлкөбүздө көп мамлекеттерде жок «Жеңиш» чокусу(7439 метр), «Ленин» чокусу (7137 метр), «Кан–Тоо» («Кан–Теңир» 6995 метр) асман тирешет. Булар республикада тоо туризмин, альпинизмди өнүктүрүүдө дүйнөлүк мааниге ээ. Ал эми «Тянь–Шань», «Ала–Арча», «Лейлек», «Дружба», «Ала–Тоо», «Алай» жана эл аралык масштабдагы «Памир» альплагерлери жылына 2000 альпинисттерди кабыл алууга жарамдуу.

Азыркы мезгилде борбор шаарыбыздын айланасында «Чоң–Таш», «Кашка–Суу», «Оруу–Сай», «Норус» сыяктуу тоо–лыжа базаларында электр кубаттары пайдаланылып, эс алуучулар эс алууда.

1976–жылы 24–декабрдаКыргызстан Коммунисттик партиянын Борбордук комитетинин «Санаториялык эс алуу жайларды куруу» жөнүндө токтому кабыл алынып жана 1976–1986–жылдары Ысык–Көл курорттук районунда эс алууга ыңгайлаштыруу шарты коюлган.

Республикада пансионаттардын таралышы курортторго салыштырмалуу кыйла басымдуулук кылат. Пансионат менен эс алуу мекемелерине 1994–жылы 104,2 миң рекреант келген же республикадагы бүтүндөй туризм комплексинин 34,9% үлүшүн ээлеген. Туризм тармагынын бул түрү менен азыр калктын 58,9% камсыз кылынган.

Туристтик фирмалар, компаниялар уюштурулууда. Келечектүү бул тармактын негизги өзөгүн Ысык–Көл курорт району ээлейт.

Ысык–Көл курорт району дүйнөлүк маанидеги туризм региондорунун катарына кирет. «Келечектүү Ысык–Көл» пансионаты Бостери кыштагына жакын, деңиз деңгээлинен 1620 метр бийиктикте жайгашкан. Ишке 1964 –жылы берилген. Ал эми Ысык–Көлдүн жээгиндеги Тору-Айгыр айылына жакын жайгашкан «Улан» туристтик базасы 1972–жылдан бери иштейт.

«Көгүлтүр Ысык–Көл санаторийи» - республикадагы ден соолукту чыңоочу ири жайлардын бири, Чолпон–Ата курорт шаарында жайгашкан. Бишкектен 250км.алыстыкта жана деңиз деңгээлинен 1620 метр бийиктикте орун алган санаторий жыл бою иштеп, бир эле мезгилде 1153 рекреантты кабыл алат.

Жети–Өгүз курорту - республикадагы эң ири туристтик жайлардын бири. Бишкектен410 км алыста, деңиз деңгээлинен 2200–2400 метр бийиктиктеги Жети – Өгүз капчыгайында жайгашкан. Курорт 1910–жылдан тартып пайдаланууга берилген. Ал эми бул аймактагы минералдык суу жергиликтүү элге эзелтен эле белгилүү болгон.

Ысык–Ата курорту республиканын түндүгүндөгү эң эски, дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө белгилүү рекреация жайларынын бири. Курорт алгач 1891–жылы «Кызыл Крест» аркылуу ишке киргизилген.

Жыргалаң курорту - Ысык–Көл курорт районундагы келечектүү туристтик жайлардын бири. Каракол шаарынан 10 км, Ысык–Көлдөн 5 кмалыстыкта, деңиз деңгээлинен 1630 метр бийиктикте жайгашкан.

Ысык–Көл областы - республикадагы туризм өнүккөн аймактардын бири. Көптөгөн туристтик эс алуу жайлары бар. Мисалы, «Ысык–Көл» пансионаты Бостери кыштагына жакын, ишке 1964–жылы берилген. Ал эми «Улан» туристтик базасы 1972–жылдан бери иштейт. Бул пансионат Ысык–Көлдүн жээгиндеги Тору–Айгыр айылына жакын жерден орун алган. Чет өлкөдөн жылына орто эсеп менен 12 миң турист келип эс алышат. Аларды материалдык–техникалык жактан тейлөө, тиешелүү адистер менен камсыз кылуу жагы жогорку деңгээлде эмес жана эл аралык талапка жооп бербейт.

Кыргызстанда автомобиль магистралынын курулушу элибиздин түндүгү менен түштүк регионун тыгыз байланыштырып турган жана дүйнөгө чыгатурган туристтик артерия болоруна чек жок. Ал жолдор экономикалык чоң пайда алып келүү менен бирге көп жумушчу орундар менен камсыз болууда.

Кыргызстандын бай жаратылыш–рекреация ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу менен, келечекте кубаттуу туризм индустриясын калыптандыруу жана республиканын социалдык–экономикалык жактан өнүгүшүн тездетүү үчүн төмөндөгү маселелерди чечүү каралган: азыркы туризм мекемелерин бүтүндөй учур талабына ылайык келгидей реконструкциялоо; республикалык жана эл аралык мaанидеги курорт, санаторий, эс алуу үйлөрүн салууну, туризм маршруттарын, альпинисттердин лагерин учур талабына ылайык уюштурууну тездетүү; тейлөө адистерди жергиликтүү элдин ичинен даярдоо; республиканын туризм индустриясынын келечегин өнүктүрүүгө чет тилиндеги рекламаларды даярдоо жана башка иш-чараларды жүргүзүү керек.

Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти А.Акаев «Кыргыз Республикасынын социалдык–экономикалык өнүгүү стратегиясы» аттуу эмгегинде экономиканын өнүгүүсүнүн бир тармагы туризм деп белгилеп кеткен.

Президенттин «Жол картасы» өлкөнү транспорттук тунгуюктан алып чыгуу жана өлкөнү транзиттик өлкөлөрдүн катарына кошуу боюнча ачык–айкын инфратүзүмдүк иш–чараларды камтыйт. Транзиттик өлкөгө айлануунун дагы бир мисалы – Кытайдын инвестициясы менен курулуп жаткан Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун, Торугарт–Нарын–Бишкек авто жолун куруу, Тамчыдагы аэропорттун курулушун аягына чыгаруу болуп саналат. Республиканын түштүгүндөгү Исфана–Сүлүктү–Ош жолу элибиздин эл аралык туристтерди ташууда, кошуна өлкөлөр менен достук, бир туугандык байланыштарды бекемдөөдөөз салымын кошууда.

Адабияттар:

1. Туризм в Кыргызстане: проблемы, пути решения, перспективы развития. Материалы научно–практической конференции. -Бишкек, 2001. Часть вторая.

2. Атышов К.Кыргызстандын туризм географиясы. -Бишкек, 1996.

3. Жыргалбеков Т.Ж. Основы туристической деятельности в Кыргызской

Республике. – Бишкек, 1996.
4. «Туризм и экономика», международная научно–теоретическая конференция. -Ош, 2001.